Педагогикалык кеңеш

тарабынан кабыл алынган

Протокол № 1 «1» 09 2021-ж.

«Бекитемин»

Мектеп жетекчиси ________ Иманалиева Л.М.

«1» 09 2021-ж.

# Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин

# 2021-2022-окуу жылына карата тарбиялык иштер боюнча бир жылдык иш план.

## СЕНТЯБРЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-сентябрь –Билим күнү. «Сүйүктүү Кыргызстаным» | 15.09.21 | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат | Класс жетекчилер |
| 2 | Окуучуларга жолдо жүрүү эрежелерин түшүндүрүү | Сентябрь | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат | Класс жетекчилер |
| 3 | Мектеп парламентин шайлоо | Сентябрь | 8-11-класстар | Жыйналыш | Тарбия завуч |
| 4 | 9-сетябрь-комуз күнүн өткөрүү | 9-сентябрь | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат | Класс жетекчилер |
| 5 | 23-сентябрь мамлекеттик кыргыз тил күнүн өткөрүү | 23-сентябрь | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат. | Усулдук бирикме, класс жетекчилер |

## ОКТЯБРЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Карысы бардын –ырысы бар» | 1-октябрь | 1-11-класстар | Үйго барып куттуктоо | Мектеп парламенти |
| 2 | «Мугалим мөмөлүү-дарак» | 5-октябрь | 1-11-класстар | Дублер күн | Тарбия завуч, мектеп парламенти |
| 3 | Эмгек жашоонун булагы | Октябрь | 4-11-класстар | Ишембилик | Тарбия завуч, класс жетекчилер |
| 4 | Берекелуу алтын күз | Октябрь | 1-11-класстар | Конкурс | Тарбия завуч |
| 5 | Залдарды, класстарды жылулоо | Каникул учурунда | 1-11-класстар | Практикалык иш | Класс жетекчилер |

## НОЯБРЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектеп рекетчилиги деген эмне? | Ноябрь | 5-11-класстар | Тарбиялык сааттар | Соц педагог Класс жетекчилер |
| 2 | Эрте жетилүүнүн зыяндары | Ноябрь | 8-11-класстар | Тарбиялык саат | Соц педагог, класс жетекчилер |
| 3 | «Ар бир кесип ардактуу» | 15-ноябрь | 2-4-кл<br>5-7-класстар | Тарбиялык саат Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч, класс жетекчи, мектеп парламенти |
| 4 | Өздүк гигиена | ноябрь | 1-11-класстар | Тарбиялык саат | Класс жетекчи |

## ДЕКАБРЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Вич-Спид оорулары | 1.12.21 | 9-11-кл | Диспут | Тарбия завуч |
| 2 | 4-декабрь-«Манас күнүн» өткөрүү. | 4.12.21 | 1-11-класстар | Тарбиялык саат. Конкурс | Кыргыз тил усулдук бирикмеси, класс жетекчилер |
| 3 | Диний булактардын таасири. | Декабрь | 5-11-класстар | Тарбиялык саат | Тарбия завуч, класс жетекчи |
| 4 | «Жаны жыл» жалпы майрам | 27-28-декабрь | 0-11-класстар | Майрамдык кече | Тарбия завуч, класс жетекчи |

## ЯНВАРЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жугуштуу оорудан сак бол! | Январь | Мектеп парламенти | Тренинг | Тарбия завуч, ден-соолук министри |
| 2 | Жолдо жүрсөң сак бол! | Январь | 1-5-класстар | Тарбиялык саат | Тарбия завуч, класс жетекчи |
| 3 | Эрте жетилүүнүн зыяндары | Январь | 8-11-класстар | Диспут | Соц.педагог, тарбия завуч |
| 4 | Таланттууларды тандайбыз»Сары өзөн-2022» | Январь | 1-11-класстар | Конкурс | Тарбия завуч УБ |

## ФЕВРАЛЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Афган, Баткен согушунун ветерандары менен жолугушуу. | 15-02.22 | 7-11-класстар | Жолугушуу | Тарбия завуч |
| 2 | 23-февраль Ата Мекенди коргоо куну. «Кана эмесе жигиттер» спорттук таймаш | 22.02.22 | 9-11-класстар | Спорттук таймаш. | Тарбия завуч Жумагулов К. Боркеев Э.Т |
| 3 | «Ата Мекенди сүйөм» сүрөт сынагы | 22.02.22 | 1-7-класстар | Сүрөт сынагы | Ибраева Р.К |
| 4 | Менин укуктарым | Февраль | 4-8-класстар | Класстык саат | Класс жетекчилер |

## МАРТ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз мамлекетинин атрибуттары (герб, гимн,кыргыз желеги) күнүн белгилөө. | Март | 1-11-класстар | Класстык саат | Класс жетекчилер |
| 2 | «Улуттун баалуулугу-Ак калпак» | Март | 1-11-класстар | Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч |
| 3 | 8-март аялдардын эл аралык майрамы. Ааламдын ажары-аялзат» сынагы | 7.03.22 | 5-11-класстар | Конкурс | Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| 4 | «Салам сага санжыралуу – Ноорузум» | 19.03.22 | 1-11-класстар | Көрсөтмөлүү сабак. Улуттук каада салт көргөзүү. | Класс жетекчилер |

## АПРЕЛЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бак-дарактарды отургузуу. | Апрель | 1-11-класс | Эмгек практикасы | Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| 2 | Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук. | Апрель | 5-11-кл | Аңгемелешүүү | Соц.педагог |
| 3 | Жалпы ата-энелер чогулушу. | Апрель | 1-11-кл | Чогулуш | Мектеп администрациясы |
| 4 | Дени сак улут-дени сак өлкө. | 27.04.22 | 1-11-класстар | Класстык саат | Класс жетекчилер |

## МАЙ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бак-дарактарды сугаруу, гүл отургузуу. | Май | 5-11-класстар | Ишембилик | Класс жетекчилер |
| 2 | 9-Май Улуу Жеңиш күнү | 7.05.22 | 1-11-класстар | Салтанаттуу жүрүнтө басуу | Класс жетекчилер, ДПМ мугалим |
| 3 | «Кош бол башталгыч класс» | Май | 1-4-класстар | Салтанаттуу кече | Класс жетекчилер |
| 4 | Акыркы коңгуроо | 9-Июнь | 1-11-класстар | Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч |

## ИЮНЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-июнь –Балдарды коргоо күнү | 1.06.22 | 1-11-класстар | Оюн зоок программасы | Тарбия завуч |
| 2 | Башталгыч класстардын окуучуларына жайкы лагер уюштуруу | июнь | 1-6-класстар | Оюн зоок программасы | Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| 3 | Бүтүрүү  кечеси | июнь | 9-11-класстар | Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч Класс жетекчилер. |

**Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектеби 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн тарбиялык иш-чараларга талдоо.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгынын негизинде 2021-жыл " Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө" 2021-жылдын 29-январындагы №1 Жарлыгын аткаруу максатында 2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын окуучу жаштардын руханий-адеп-ахлактык өнүгүусүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө концепциясы бекитилгендигине карата мектепте усулдук бирикмелер менен бирдикте бир жылдык иш-план түзүлдү.

Түзүлгөн иш-пландын негизинде төмөндөгү иштер аткарылды.

Мектепте январь айында дене тарбия иштерин жакшыртуу максатында " Спорт-ден соолуктун булагы, ийгилик ынтымактын башаты"-деген темада иш-чара өткөрүлдү.

Иш чарада окуучулардын жаш курактарына жараша оюн сынактар уюштурулду. Мисалы 2-3-4-класстардын окуучуларына "Шамдагайлар" таймашы болду. Таймашка окуучулар активдуу катышышты. Ал эми 5-6-7-8-9-10-11-класстардын окуучуларына дене тарбия мугалими Жумагулов Калыбек агай "Күчтүүлөр, кайраттуулар, шамдагайлар" деген темада спорттук мелдештерди өткөрдү.

Мындан тышкары мектепте спорт боюнча(шахмат, тогуз коргоол) ийрим иштейт. Ийримди мектептин дене тарбия мугалими Боркеев Эркинбек Токтосунович жетектейт.

Февраль айында тил илиминин, улуттук маданияттын чолпон жылдызы Касым Тыныстановдун 120жылдыгына арналган иш-план түзүлүлүп , мектепте ачык сабактар, тегерек столдор, көргөзмөлөр, бурчтар уюштурулду. Ошол менен бирге 21-февраль Эл аралык эне тил күнүн белгилөө жөнүндөгү планды да мектеп ичинде мугалимдер менен бирдикте талкууланып, иштелип чыкты. Бардык мугалимдер бул пландын негизинде иш алып барышты. Мектепте линейка өтүлдү. Анда Эл аралык эне тил күнүн белгилөө жөнүндө маалымат берилди. Эл аралык тил ичинде биздин эне тилибиз болгон – кыргыз тилин кадырлоо, байытуу, таза сактап калуу ар инсандын парзы экенин балдардын сезимине жеткирүүгө аракет кылынды. Окуучулар тил жөнүндө накыл сөздөрдү, көркөм ырларды айтышты. Кыргыз тилинин гимнин ырдоо менен линейканы жыйынтыктадык.

Мектептин өзүн- өзү башкаруу тарабынан «Улуттук аралык ынтымак»- деген темада дубал гезити чыгарылды. Мектептин кыргыз тил мугалимдеринин жетекчилиги менен эне тилге арналган дил баян, жат жазуу жазышты. Класс жетекчилер «Улут болсом, тилим менен улутмун»- деген темада тарбиялык сааттар өтүштү. Бардык класстарда кыргыз акындарынын чыгармаларын көркөм окушту. Кыргыз мамлекети көп улуттуу өлкө болгондуктан окуучулар арасында улуттар аралык достукту, биримдикти сактоо ар улуттун өз эне тилин баалоого үндөө максатында жогорку класстын окуучулары жана жалпы мугалимдер арасында диспут өтүштү. Жогорку класстын окуучулары диспутка активдүү катышып, өз ойлорун кеңири баяндай алышты.

Апрель айында мектептеги мугалимдер арасында кыска аралыкка чуркоо таймашы уюштурулду. Таймашта мугалимдер жаш өзгөчөлүгүнө карата 2 топко бөлүнүп жарышышты.

Жашы 20дан 30жашка чейинки мугалимдер 200метрлик аралыктан чуркашты.

Ал эми жашы 30дан 50жашка чейинки мугалимдер 100 метрлик аралыктан чуркашты.

Алдыңкы 1-2-3 орунда чуркап келген мугалимдер мектептин грамотасы менен сыйланышты.

15-сентябрда билим күнү санитардык нормаларды эске алуу менен ачык асман астында өткөрүлдү. Салтанаттуу линейкадан кийин Ата Мекендин алдында атуулдук милдет түшүнүктөрүн баалай билүү жана патриоттук сезимге тарбиялоодо биринчи сабак өткөрүлдү.

Мектепте жаңы окуу жылына карата ата-энелер менен бирдикте окуучулардын коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча “Жол эрежесин сактайлы”, “Жол белгилери”жана маршруттук жол баракчасын толтуруу боюнча көзөмөлдөө иштери жүргүзүлдү. Ар бир класс жетекчи жол эрежелери боюнча класстык сааттарды өтүштү.

Мындан тышкары жаны окуу жылына “Тимурчулар” уюму уюштурулуп, октябрь айында карылар күнүнө карата улгайган адамдарга жардам берүү максатында бир айлык акция өткөрүлдү. Мындай кайрымдуулук көрсөтүүдө окуучулар гумандуулукка, айкөлдүккө тарбияланышат. Ар бир класс жетекчи “Карысы бардын ырысы бар”- деген темада класстык сааттарды өтүштү.

Руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүн калыптандыруу максатында 9-11-класстар арасында тегерек стол уюштурулуп, адептик жүрүм-турумду сактоонун эрежелерин эске

алуусу боюнча аңгемелешүү сабактары болду. Мындан тышкары " Адамдын кыйыны күн сайын адам болуу"- темасында кылмыштуулуктун алдын алуу иштери боюнча тренинг сабак өткөрүлдү.

"Айлана –чөйрөнү жашылдандыруу жана тазалыкта болуу" максатында үч айлык акция уюштурулду.Мугалимдер жана окуучулар бирдикте мектептин айланасын тазалоо боюнча ишенбилик жумалыктары өткөрүлдү. Мында окуучулар жаратылышка карата аяр мамилесинин чыңалуусун, сүйүүсүн арттырат. Санитардык жана гигиеналык эрежелерди билүү жана ден-соолукту сактоо, сак-саламат жашоону баалоо, сейрек жашоого умтулуу боюнча "Ден соолук- өмүр булагы", "Таза колдор" – деген ураандын алкагында бир айлык иш-чара өткөрүлдү. Мында окуучулар өздүк гигиенасын сактоо боюнча ден-соолугуна кам көрүү керек экендигин байкашты.

Мындан тышкары мектептин соц педогогу Жакиева Уулбек Азаматовна "Адам сатуу кылмыш!"- деген темада 9-10-класстарга лекция окуду.Адам сатуу-бул азыркы учурдун глобалдуу кылмыш экендиги тууралу кеңири маалымат алышты.

Дүйнөлүк аялдарга карата "Зордук зомбулуксуз 16-күн" маалымат Эл аралык күндөрүнө карата иш чаралар түзүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

"Зорук зомбулуксуз жашоо"- деген темада 8-9-10-ата-энелер, окуучулар,ьмугалимдер, ИДН кызматкерлери менен бирдикте иш чаралар өткөрүлүп, аңгемелешүү жүргүзүлдү.

Ошондой эле 8-9-10- класстар арасында "Эрте никеге туруу" боюнча Жакиева Уулбек тегерек стол өткөрүп, ушул тема боюнча түшүнүк берди, окуучулар менен аңгемелешип, ойлорун угуп, суроолоруна жооп берди.

1-декабрь "СПИД кылым душманы "- деген темада иш чара өткөрүлдү. 5-11-класска чейин чоң линейка өткөрүлүп, айылдык ФАПтын мед.айымдары менен биргеликте класс жетекчилер түшүндүрүү иштери алып барылды. Ар бир класс ушул тема боюча плакат чыгарышып, плакаттарын коргоп беришти. Линейкада мед.айым лекция окуп берди. Окуучулар кеңири маалымат алышып, сактануунун жолдорун айтып өттү.

Мындан тышкары метепте декабрь айында "Манас" күнү белгиленди. 6-8-11-класстардын окуучулары атайын даярдаган "Манас эпосу кыргыз элинин туу чокусу"- деген сынак болду. Сынакка окуучулар активдүү катышышты. Сынакты кыргыз тил мугалими Тейишова Жылдызбү Кетменбаевна уюштурду. Эң жакшы жооп берген окуучуларга грамоталар тапшырылды.

"Манас" күнүнө карата стен газеталар, сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.

12-декабрь –Улуттук адабият күнүнө карата мектепте, китеп окуу жумалыгы жарыяланды. Бул иш-чарага баардык класстар активдүү, демилгелүү катышышты. Кыргыз элинин белгилүү акын, жазуучулардын китептеринен турган китеп көргөзмөсү уюштурулду. Окуучулар жактырган китептерин үйлөрүнө окуп келүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

27-28-декабрда мектепте окуучуларга арналган "Жаңы жылдык балаты" майрамы уюштурулду. 1-2-3-4-5-6-7-8-класстардын окуучуларына " Өзүн-өзү башкаруу уюму" тарабынан майрамдык жомок, оюндар көргөзүлдү. Окуучулар абдан кызыгуу менен катышышып, үйлөрүнө тарашты. Жаңы жыл майрамы тынч өттү. Эч кандай тартип бузуулар катталган жок.

Мектеп директору: Иманалиева Л.М

Тарбия завуч: Кенжалиева М.З